# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2019-жылдын 4-декабры № 135

**Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө**

2019-жылдын 23-октябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

## Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө

### 1-берене. Ушул Мыйзамдын максаты жана жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык жана жеке жалпы билим берүү уюмдарынын (мындан ары - жалпы билим берүү уюмдары) 1-4-класстарынын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу тартибин аныктайт.

Ушул Мыйзамдын максаты жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусун алардын тамак-аш заттарына жана энергияга болгон курактык физиологиялык керектөөлөрүнө, сарамжалдуу жана теңдемделген тамактануу принциптерине туура келген менюга ылайык камсыз кылуу үчүн укуктук шарттарды түзүү болуп саналат.

### 2-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **окуучулардын тамактануусу** - окуучулардын энергия запасын толтуруу, өсүү жана физиологиялык өнүгүү процесстерин ишке ашыруу үчүн тамак-аштын жардамы менен окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо;

2) **меню** - жалпы билим берүү уюмдарынын ашканаларында берилүүчү тамактардын жана суусундуктардын тизмеги;

3) **ашкана** - менюнун негизинде тамактануу үчүн азыктарды өндүрүүчү жана сатуучу коомдук тамактануу түйүнү;

4) **буфет** - жогорку даражада даярдалган жарым фабрикаттардан жасалган азыктардын чектелген ассортиментин, муздак, жеңил тамактарды, оңой даярдалган ысык, таттуу тамактарды, ундан жасалган кулинардык, булочка жана кондитердик азыктарды сатуучу коомдук тамактануу түйүнү;

5) **мектеп алдындагы чарба** - окуучулардын тамак-аш рационун кеңейтүү максатында жалпы билим берүү уюмунун аймагындагы айыл чарба продукциясы өстүрүлүүчү участок.

**3-берене. Тамактанууну уюштуруу милдеттери**

Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруудагы негизги милдеттер төмөнкүлөр болуп саналат:

1) үй-бүлөлөрдүн социалдык теңсиздигин кыскартуу;

2) экологиялык таза технологияларды жана усулдарды пайдалануу менен базалык инфратүзүмдү түзүү;

3) тамактануунун сапатын, теңдемдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу;

4) тамактануу режимин сактоо жана окуучулардын туура теңдемделген тамактануу көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**4-берене. Окуучулардын тамактануусун уюштуруу**

1. Окуучулардын тамактануусун уюштуруу калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубатчылыгы жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген жалпы билим берүү уюмдарынын атайын жайларында (ашкана, буфет) бекитилген менюга ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Окуучулардын керектөөсү үчүн арналган тамак-аш продукциясы Бажы бирлигинин тамак-аш продукциясынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү техникалык регламенттеринде белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

**5-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын окуучулардын тамактануусун уюштуруу боюнча ыйгарым укуктары**

1. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен

эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат жана жоопкерчилик тартат.

Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун каржылоо, уюштуруу, тамактануусунун коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мүмкүнчүлүгүнө жараша жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу, ошондой эле тамак-аш рационун кеңейтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү жана айыл жеринде жалпы билим берүү уюмдарына мектеп алдындагы чарбаны уюштуруу үчүн Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунан жер үлүштөрүн мүмкүнчүлүгүнө жараша бөлүп берүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

Мектеп алдындагы чарбаларды уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**6-берене. Окуучулардын тамактануусун уюштуруу үчүн шарттарды түзүү**

Жалпы билим берүү уюмдарынын курулушуна долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгууда имараттын долбоордук кубаттуулугун эске алуу менен, ашканалар үчүн тамак-аш даярдоо, окуучулардын тамактануусун уюштуруу жана чарбалык жайлар үчүн атайын ылайыкташтырылган өндүрүш жайларынын зарыл болгон топтомдору бар жайлар каралат.

**7-берене. Тамактанууну уюштуруу сапатын камсыз кылуу**

Окуучулардын тамактануусун уюштуруу жана тендер шарттарында тамак-аш азыктарын сатып алуу процессин контролдоо жана жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарында жана Бажы союзунун тамак-аш продукциясынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү техникалык регламенттеринде белгиленет.

**8-берене. Окуучулардын тамактануусун каржылоо**

Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун *каржылоо булактары төмөнкүлөр болуп саналат:*

4) Бишкек жана Ош шаарларынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусу тийиштүү шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин эсебинен камсыз кылынат;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары финансылык мүмкүнчүлүктөрү болгондо, тиешелүү аймакта жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусуна кошумча каражаттарды бөлүп берүүгө укуктуу.

**9-берене. Корутунду жоболор**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2019-жылдын 6-декабрындагы № 101 жарыяланды*

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 27-июнундагы № 111 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 8, 376-ст.) күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Президентине өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирүү сунушталсын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С. Жээнбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 257, K. Tynystanov st., Bishkek, 720040 720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20 E-mail: mineduKg@gmail.com http://edu.gov.kg

БУЙРУК ПРИКАЗ

№ 1151/1 2019 жылдын «1» октября

**«Республиканын жалпы билим берүү уюмдарында мыйзамсыз акча чогултууларга тыюу салуу жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык, жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын социалдык-укуктарын коргоону күчөтүү жана ата-энелер коомчулугунун бир нече кайрылууларынын негизинде, республиканын жалпы билим берүү уюмдарында мыйзамсыз акча чогултууларга жол бербөө максатында, **буйрук кылам:**

1. Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларына:
   - Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн так аткарууну камсыздашсын;
   - мыйзамсыз акча каражаттарын чогултууга жол бербөө максатында жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин, жетекчилеринин, окуучулардын ата-энелеринин жана аларды алмаштыруучу адамдардын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
   -жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине, администрацияларына мыйзамсыз акча каражаттарын чогултууга тыюу салынсын;
   - мыйзамсыз акча чогултуудагы суроолор боюнча "ыкчам байланыш"телефон линияларын жана "ишеним үкөктөрүн" уюштурсун;
   - бул буйруктун аткарылышын жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине жекече кол койдуруу менен жеткирсин.
2. Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:
   - жалпы билим берүү уюмдарынын ата-энелер комитетинин арасында мыйзамсыз акча чогултуулар боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
   - Камкорчулар кеңештеринин жана ата-энелер комитеттеринин каржы маселелерине педагогикалык жамааттын жана административдик кызматкерлердин катышуусуна тыюу салынсын;

- окуучулардын ата-энелеринен жана аларды алмаштыруучу адамдардан маданий - массалык жана башка иш - чараларга мыйзамсыз акча-каражаттарын педагогдордун талап кылуусуна тыюу салынсын;
- бул буйруктун аткарылышын жалпы билим берүү уюмдарынын ар бир педагогуна жекече кол койдуруу менен жеткирсин.

3. Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери, административдик персоналдар,жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдору тарабынан окуучуларга алардын, ата-энелерине жана алдарды алмаштыруучу адамдарга моралдык - психологиялык басым көрсөтүлсө, тартиптик жаза чараларын көрүү менен кызмат орундарынан бошотуу каралсын;
4. КРнын БИМдин 2019 - жылдын 30 - сентябрындагы № 1144/1 буйругу жокко чыгарылсын.
5. Аталган буйрук Министрликтин сайтына жайгаштырылсын жана «Кут билим» гезитине жарыялансын.
6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Министрдин орун басары Н.С. Джусупбековага жүктөлсүн.

**«О запрете незаконных денежных сборов в общеобразовательных организациях республики»**

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», на основании неоднократных обращений родительской общественности, в целях недопущения незаконных денежных сборов в общеобразовательных организациях республики, усиления социально-правовой защиты учащихся общеобразовательных организаций, **приказываю:**

1. Начальникам Управлений образования гг. Бишкек и Ош, заведующим районными (городскими) отделами образования:
   - обеспечить неукоснительное исполнение Закона Кыргызской Республики «Об образовании» в части доступности образования;
   - провести разъяснительную работу среди руководителей и педагогических работников общеобразовательных организаций о недопустимости незаконных сборов денежных средств с родителей (лиц, их заменяющих) учащихся;
   - запретить руководителям и администрации общеобразовательных организаций осуществлять незаконный сбор денежных средств с родителей (лиц, их заменяющих) учащихся;
   - организовать «почту доверия» и телефоны «горячей» линии по вопросам незаконных денежных сборов;
   - довести данный приказ персонально до руководителей общеобразовательных организаций под роспись.
2. Руководителям общеобразовательных организаций:

- провести разъяснительную работу среди родительских комитетов общеобразовательных организаций по вопросам незаконных денежных сборов;
- запретить административному персоналу и педагогическому коллективу принимать участие в работе Попечительских советов и родительских комитетов при рассмотрении финансовых вопросов;
- запретить педагогам требовать с родителей (лиц, их заменяющих) учащихся любые денежные средства, в том числе на проведение культурно-массовых и иных мероприятий;
- довести данный приказ персонально до каждого педагога общеобразовательной организации под роспись.

3. В случае выявления фактов взимания незаконных денежных средств со стороны руководителей, административного персонала и педагогов общеобразовательных организаций или оказания ими морально-психологического давления на учащихся и их родителей (лиц, их заменяющих), к виновным лицам будут применены меры дисциплинарного взыскания вплоть до освобождения от занимаемой должности.
4. Считать утратившим силу приказ МОН КР от 30 сентября 2019 года № 1144/1.
5. Настоящий приказ разместить на сайте Министерства и опубликовать в газете «Кут билим».
6. Контроль над исполнением данного приказа возложить на заместителя министра Н.С. Джусупбекову.

**Министр** **К.А. Исаков**

КАНЦЕЛЯРИЯ

Копия верна

01. 10. 2019г

**Ысык-Көл облусундагы жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө**

**ЖОБО**

Ушул Жобо Ысык-Көл облусундагы мамлекеттик, муниципалдык жана жалпы билим берүү уюмдарынын (мындан ары - жалпы билим берүү уюмдары) 1-4-класстарынын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу тартибин аныктайт.

Ушул Жобонун максаты жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусун алардын тамак-аш заттарына жана энергияга болгон курактык физиологиялык керектөөлөрүнө, сарамжалдуу жана теңдемделген тамактануу принциптерине туура келген менюга ылайык камсыз кылуу үчүн укуктук шарттарды түзүү болуп саналат.

**Жободо колдонулуучу түшүнүктөр**

**окуучулардын тамактануусу** - окуучулардын энергия запасын толтуруу, өсүү жана физиологиялык өнүгүү процесстерин ишке ашыруу үчүн тамак-аштын жардамы менен окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо;

2) **меню** - жалпы билим берүү уюмдарынын ашканаларында берилүүчү тамактардын жана суусундуктардын тизмеги;

3) **ашкана** - менюнун негизинде тамактануу үчүн азыктарды өндүрүүчү жана сатуучу коомдук тамактануу түйүнү;

**Тамактанууну уюштуруу негизги максаттары милдеттери**

Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруудагы негизги милдеттер жана ушул Жобону ишке ашырууда төмөнкү максаттарга жетүүнү камсыз кылат:

1) үй-бүлөлөрдүн социалдык теңсиздигин кыскартуу;

2) экологиялык таза технологияларды жана усулдарды пайдалануу менен базалык инфратүзүмдү түзүү;

3) тамактануунун сапатын, теңдемдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу;

4) тамактануу режимин сактоо жана окуучулардын туура теңдемделген тамактануу көндүмдөрүнө ээ болуусу.

5) тамак-аш үчүн чогултулган акча каражатын максатуу пайдалануу;

6) окуучуларды тамак-аш заттарына жана энергияга болгон куратык физиологиялык керектөөлөргө, рационалдуу жана балансталган тамактануунун принциптерине шайкеш келген тамактануу менен камсыз кылуу;

7) окуучулар арасында тамактануу фактору менен байланышкан жушугтуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу;

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу боюнча ыйгарым укуктары**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ысык-Көл облусунун санитардык-эпидемиологиялык борбору менен биргеликте окуучулардын тамактануусунда санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат жана жоопкерчилик тартат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мүмкүнчүлүгүнө жараша жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу, ошондой эле тамак-аш рационун кеңейтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

**Окуучулардын тамактануусун каржылоо**

Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун каржылоо булактары төмөнкүлөр болуп саналат:

1) республикалык бюджет;

2) жеке жана юридикалык жактардын өз ыктыяры менен берген каражаттары;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, тиешелүү аймакта жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусуна кошумча каражаттарды бөлүп берүүгө укуктуу мыйзам чегинде ;

4) Финансылык мүмкунчүлүктөрүнө жараша, эч кимди мажбурлоо жолу менен эмес, ата-энелердин макулдашуусу менен окуучулардын тамактануусуна кошумча каражат чогултууга укуктуу мыйзам чегинде;

5) Ата-энелер тарабынан чогултулган акча каражаты 10-12 сомдон жогору болуусуна ушул Жобо жол бербейт;

**Каржылоону көзөмөл кылуу милдеттери**

Окуучулардын тамактануусун каржылоо булагын көзөмөл кылуу милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Жеке жана юридикалык жактардын өз ыктыяры менен берилген каражаттарды, ата-энелер тарабынан чогултулган акча каражаттарын

жеке жана юридикалык жак өздөрү көзөмөл жүргүзүп турууга укуктуу жана милдеттүү;

**Тамактанууну уюштуруунун талаптары**

Обьекттеги санитардык-эпидемиологиялык абалдын татаалданышына алып келген бардык авариялык абалдар жөнүндө (электр энергиясынын өчүрүлүшү,суунун токтошу, канализация системасындагы жарылуулар, авариялар, технологиялык жана муздатуучу жабдуулардын иштеп чыгышы ж.б.у.с) аймактын коомдук саламаттыкты сактоо органына токтоосуз билдирилет.

Жалпы билим берүү мекемелеринин мектепте тамактануу уюмдарын курууда ысык (нан) цехтеринде, кампа бөлмөлөрүндө, ошондой эле тамактандыруунун базалык уюмдарынын экспедицияларында абаны ыңгайлаштыруу системаларын кошумча орнотууну алдын ала караштыруу керек. Ашыкча нымдуулук, жылуулуктун, газдардын бөлүнүп чыгуу булактары болгон технологиялык жабдууларды жана жуучу ванналардын жалпы желдетүүнүн агып келүүчү-соруп чыгуучу системаларына кошумча түрдө максималдуу буулануу аймактарында вентиляциянын жергиликтүү соруп чыгаруучу системалары менен жабдуу керек.

Өндүрүштүк чөйрө буюмдары болуп саналган жабдуулар, аспаптар, идиш аяктар тамак аш азыктары үчүн колдонууга уруксат берилген материалдардан жасалышы керек.

Түштөнүү залдарын жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарын колдонуу менен аларды иштетүүгө мүмкүндүк берген каптоосу бар ашкана эмереги (столдор,отургучтар жана башка эмеректер) менен жабдылышы керек.

Тамак - аш азыктарын иштетүүгө арналган өндүрүштүк столдор жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттардын таасирине туруштук бере алган каптоосу бар жана тамак-аш азыктары менен тийишүүчү материалдар үчүн коопсуздук талаптарына жооп берүүсү керек.

Мектепте тамактандыруу уюмдары тамак-аш азыктары менен тийишүүчү материлдар үчүн коопсуздук талаптарына жооп берген чопо,жана айнек идиштери (тарелка, табак, бокалдарды) колдонушат. Ашкана аспаптары (кашыктар, айрылар, бычактар), тамактарды даярдоо үчүн жана аларды сактоо үчүн идиштер дат баспаган болоттон же гигиеналык касиеттери дат баспаган матералдардан жасалышы керек.

Чийки жана даяр тамак-аш азыктарын өзүнчө сактоо, аларды технологиялык иштетүү жана таратуу үчүн милдеттүү түрдө өз-өзүнчө жана атайын маркировкаланган жабдуулар, бөлүштүрүүчү аспаптар,

ашкана идиштери колдонулушу керек: “БЭ”-бышкан эт, “ЧЭ”- чийки эт. “Н”- нан жана башкалар.

Кабырылган,четтери кетилген, сынык, жараңкалары бар,сыры кеткен ашкана идиштерин, алюминийден жасалган ашкана аспаптарын, пласмассадан жана пресстелген фанерадан жасалган такталарды, жараңкалары бар бтакталарды колдонууга жол берилбейт.

Даярдалуучу тамактардын азыктык баалуулугу, ошондой эле тамактардын рецепттери жөнүндө сандык маалыматтарды камтыган чечмеленген меню санитардык-эпидемиологиялык эрежелерде жана ченемдерде белгиленген тамактануунун минималдуу физиологиялык ченемдерине шайкеш келүүгө тийиш.

Окуучулардын тамактануусуна колдонулган чийки азык-түлүктүн жана тамак аштын азыктык баалуугунун гигиеналык көрсөткүчтөрү санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге шайкеш келүүгө тийиш (ар бир азык түлүктүн шайкештик декларациясы, чийки азыктардын сертификаттары ж.б).

Окуучуларды дени сак тамактануусун камсыздоо үчүн эки жумалык убакытка болжолдуу перспективдүү меню түзүлүшү керек (эки жумалык болжолдуу меню 10-14күн). Түзүлгөн перспективдүү менюлар жергиликтүү санэпидкөзөмөлдөө борлорунун адистери менен макулдашылышы керек.

Меню табигый азыктарды, ар түрдүү эт, балык сүт азыктарын, накта ширелерди, жаңы жашылчаларды жана жемиштерди камтуусу керек.

Уюшулган тамактанууда микронутриенттер жана байытылган азыктар ошону менен бирге йоддоштурулган туз колдонулуусу керек.

Менюну түзөөрдө тондурулган жана кайрадан термикалык жылытууга муктаж эмес, жаңыдан даярдалган тамак ашка көбүрөөк маани берилиши керек.

Жалпы билим берүү мектептеринин окуучуларынын жагымдуу тамактандыруусун уюштурууда пайда болгон кыйынчылыктарды, азык-түлүк товарларына баалардын өсүүсүн эсепке алып, тамактардын толук эмес курамы менен, биринчи тамак менен гарнирдин азайтылган өлчөмү менен порциялары (200-250гр чейин), чыгына майдын азайтылган ченеми менен атайын рациондорду ишке киргизүүгө жол берилет.

Күнүгө түштөнүү залдарында жалпы билим берүү уюмдардын жетекчиси тарабынан бекитилген даяр тамактын аты, көлөмүн чагылдырылган болжолдуу перспективдүү меню илиниш керек.

Суусундуктарды, сууларды буфет аркылуу сатуу, сыйымдуулугу 500мл ашпаган керектөөчүлүк идиште жүргүзүлүшү керек. Буфетте суусундуктарды куюуга жол берилбейт.

**Мектеп буфеттеринде иштетүүгө сунушталбаган азык-түлүктөрдүн тизмеси:**

-чипстер

-гамбургер,чизбургерлер

- курамында екреи жогору чайнама жана сормо момпосуйлар

-газдалган суусундуктар

-ундан куурулган кулинардык азыктар

-кымыз курамында (0,5% көп) этанол бар башка кычкыл сүт азыктары

-алкоголсуз, сергитүүчү жана энергетикалык суусундуктар

-табигый кофе

Окуучуларга ысык тамакты берүүнү окуу сабактарынын режимине ылайык 20 мүнөттөн кем эмес узактыгы танапистерде класстар (топтор) боюнча уюштуруу керек.

Медициналык кызматкерлер жалпы билим берүү мекемесиндеги тамактандырууну уюштурууга, анын ичинде келип түшүүчү азык-түлүктөрдүн сапатына, өнүмдөрдүн туура салынышына жана даяр тамактын даярдалышына көз салып туруусу керек.

Коомдук тамактандыруу уюмуна келип түшүүчү тамак-аш азыктары чийки азык-түлүктөргө жана тамак-аш азыктарына коюлуучу гигиеналык талаптарга шайкеш келиши керек жана алардын сапатын, коопсуздугун тастыктаган, өнүмдөрдүн иштелип чыккан күнү, сактоо мөөнөттөрү жана шарттары көрсөтүлгөн документтер менен коштолушу керек. Коштоочу документти өнүмдү толук иштетип бүткүчө сактоо керек.

Даяр азыкты берүү үлгү алынгандан кийин гана жүргүзүлөт.

Тамактардын сапатын үч кишиден кем эмес курамдагы комиссия: медициналык кызматкер, коомдук тамактандыруу уюмунун кызматкери жана билим берүү мекемесинин жетекчилигинин өкүлү органолептикалык көрсөткүчтөр боюнча баалайт (үлгүнү азык даярдалып жаткан сыйымдуулуктардан түздөн түз алышат). Бракераждоонун жыйынтыгы "Даяр кулинардык өнүмдөрдү бракераждоо журналына" катталат. Порциялуу тамактардын салмагы чечмеленген менюда корсөтүлгөн тамактын чыгышына туура келиши керек. Азыкты даярдоонун технологиясы бузулганда, ошондой эле даяр эмес болгондо, тамакты аныкталган кулинардык кемчиликтери жоюлганга чейин таратууга жол берилбейт.

Жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын (уулануулардын) пайда

болушун жана жайылышын болтурбоо үчүн жана үнөмдүү тамактануу принциптерине ылайык билим берүү уюмдарында токтом менен бекитилген даяр тамак- аш азыктарынын реализациялоого тыйуу салынган тизмесин даярдоого улуксаат берилбеши абзел (11.04.2016 жылдагы №201 токтомдун 6 тиркемесиндеги №2 тиркемеде тизмеси берилген).

-алардын сапатын жана коопсуздугун тастыктаган документтери жок азык-түлүктөр жана өндүрүштүк заттар;

-2-3 категориядагы эт;

-эн тамгасы жана ветеринардык кепилдиги жок айыл чарба малдарынын эти жана сүт азыктары;

-ветеринардык кепилдиги жок айыл чарба куштары;

-кабыгы кирдеген, жарылган, акма,сынык жумурткалар жана ошондой эле сальмонеллез боюнча жайында эмес чарбалардын жумурткалары,өрдөктүн жана каздын жумурткалары;

-кампа зыянкечтери жуккан дан азыктары, ундар, кургак жемиштер жана башка азыктар;

- жумшак таңгагында суу болгон азыктар (ун, дан азыктары ж.б);

-чириген жана көгөргөн мөмө жемиштер жана жашылчалар;

- колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен жана сапасыздык белгилери бар азык-түлүктөр;

-кемирүүчүлөр залал келтирген жана алардын зандары менен булганган азыктар;

-үйдө даярдалган өндүрүмдөр;

Технологиялык жүрүмдү сактоону көзөмөлдөө максатында даярдалган тамактардын ар бир партиясынан суткалык үлгү алынат. Суткалык үлгүнү алууну коомдук тамактандыруу уюмунун кызматкери(ашпозчу) жүргүзөт.

Порциялык тамактар толук көлөмүндө алынат. Салаттар жана үчүнчү тамактар, гарнирлер-100гр кем эмес. Казандан үлгүнү таза (же кайнатылган) кашыктар менен маркировкаланган, таза (же кайнатылган), бекем жабылуучу айнек же темир капкактуу айнек идишке алышат.

Алынган үлгүлөрдү атайын муздаткычтарда же муздаткычтагы атайын бөлүнгөн жерде+2+6$^{o}$C температурада 48 сааттан кем эмес (эс алуу жана майрам күндөрдү эсепке албаганда) убакыт бою сакташат. Суткалык үлгүлөрдүн туура алынышына жана аларды сактоо шарттарына медициналык кызматкер көзөмөл жүргүзөт.

Коомдук тамактандыруу уюмунун кызматкерлери (ашпозчулар ж.б) мезгилдүү медициналык кароодон жана атайын гигиеналык окутуудан өткөнүн тастыктаган медицианлык китепчеси болуш керек.

**Жеке гигиена эрежелери**

Мектепте жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ашкананын ашпозчулары жана кызматкерлери жеке гигиена эрежелерин так сакташы керек:

1. Жумушка таза бут кийим жана кийим менен келүү керек;
2. Сырткы кийимди, баш кийимди сырткы турмуш тиричилик бөлмөсүнө калтыруу керек;
3. Тырмакты кыска алып, аларды боебоо жана тазалыкты сактоо;
4. Атайын гигиеналык баш кийимдерди кийүү

**Ашкана кызматкерлерине тыюу салынат:**

1. Ювилердин жасалгаларды (сөйкө, шакек, чынжырча) сааттарды жана башка сынып калуучу буюмдарды тагынууга;
2. Атайын кийимдерди төөнөгүч менен топчулоого;
3. Атайын санитардык кийим менен көчөгө же даараткanaга барууга;
4. Жумушчу орунда жеп-ичүүгө жана тамеки чегүүгө